



*Всеволод Михайлович Гаршин*

**ЛЯГУШКА — ПУТЕШЕСТВЕННИЦА**

**Сказка**

Для детей дошкольного возраста

Переиздание

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»


Которгон Нажимудун Макешев. Редактору Д. Сулайманов. Сүрөтчүсү А. Малиновский. Сүрөт редактору Ж. Карыппаев. Техн. редактору З. Комерова. Корректору Д. Ороскожоева.

ИБ № 3616

Диапозитивден басууга 22.10.85. кол коюлду. № 1 офсет кагазы. Кагаздын форматы 70×108 1/16. Адабий арибн. Т түү ыкма менен басылды. 1,5 физ. басма табак. 2,10 шарттуу басма табак. 1,465 учёттук басма табак, 8,4 шарттуу боек түшүрүү. Нускасы 20000. Заказ № 2174. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.



Бар экен, жок экен, дүйнөдө бир чардаган бака болгон экен. Сазда жүрүп, сууда өсүп, чымын-чиркей жеп, жаз мезгили болгондо өзүнүн курдаштары менен эртели-кеч чардап жатчу экен. Кокустан илегилек жеп коёт деп корккондугу болбосо, өмүр бою тынч жашамак эле. Ошондой болсо да, бир кызык окуя болду.

Бир күнү суудан чыгып турган тамырдын бутагына чыгып алып, майдалап жаап турган жамгырга денесин тосуп, ырахаттанып отурду.

„Бах, бүгүнкү нымданган абаңын сонуну ай! Жарык дүйнөдө жашамак кандай жыргал!“ —деп, таттуу ойго түшүп кетти.

Жамгыр баканын чаарала, майланышкан, жылма жонуна шорголоп, тамчылары курсагынан ылдый жылжып агып турду. Бул болсо, кара баканын көңүлүн кубантып жиберди. Жан жыргаткан жыргалга бата көшүп





кетип, чардап жиберүүгө аз эле жерден калды. Бирок, анын бактысына мезгилдин күз экендиги, күзүндө бака чардабай тургандыгы, ал үчүн жаркыраган жаздын бар экендиги эсине түшө кетти. Ошондуктан ал жым боло калып, тынч гана көшүп отура берди.

Ошол замат абадан шуулдаган, ышкырыктуу добуш чыкты. Өрдөктөрдүн кээ бир түрлөрү болот: алар учканда канаттары абаны кесип, ышкырык тарткандай болот; мындай өрдөктөрдүн тобу асманга эң бийик учканда фию-фию-фию деген үндөр чыгат, аларды алыстан көрүп да болбойт. Бул сапар өрдөктөр абада чоң жарым тегерек жасап келишип, баягы саздагы бака отурган жердин так өзүнө конушту.

—Кря, кря! —деди өрдөктөрдүн бирөө. —Жол алыс, көп учууга туура келет, тамактанып алалы.

Анда бака дароо жашына калды. Өрдөктөр балчайган чоң жана жоон баканы жебей тургандыгын ал билсе да, сактыкта кордук жок



дегенсип, тамырдын алдына чумуп кетти. Бирок ойлонуп көрүп, өзүнүн тосток көздүү башын чыгарып, жанын калкалап калууга чечим кылды. Өрдөктөрдүн кай жакты көздөй учаарын билүү өтө кызык көрүндү.

—Кря, кря!—деди дагы бир өрдөк. —Суук түшүп бара жатат! Эртерээк түштүккө учалы! Эртерээк түштүккө учалы!

Анда өрдөктөрдүн баары катуу какылдашып, анықын макул көргөндүктүн белгисин кылышты.

—Өрдөк мырзалар,—деп бака кайраттанды,—силер учуп бара жаткан түштүк деген кандай болот? Силердин тынчыңарды алгандыгым үчүн кечириңиздер.

Өрдөктөр баканы тегеректеп алышты. Элден мурда өрдөктөр баканы жеп коёлу деп көңүлдөнүштү. Бирок баканын өтө чоңдугун көрүшүп, кандай кылганда да, тамактан өтпөсүн өрдөктүн ар кимиси түшүндү. Өрдөктөр ушул ойдон кийин канаттарын күүлөп, кыйкыра башташты.





—Түштүктө жакшы! Азыр ал жакта жылуу! Ал жерде укмуштуу сонун саздар бар! Курт-кумурскаларын айтчы! Түштүктө жакшы!

Өрдөктөр кыйкыра берип, баканы дүлөй кылып жиберишти. Чууну арандан зорго басты. Алардын ичинен бир өрдөк чоңураак жана акылдуураак өңдөнүп көрүндү. Андан түштүк кандай жер экендигин түшүндүрүүнү сурады. Ал өрдөк түштүк жөнүндө түшүндүрүп бергенден кийин, баканы сүйүнүч басты, бирок сактык, кыраакылык кылгансып, аягында сурап койду:

—Ал жерде чымын-чиркей көп болобу?

—О! Туман! Тим эле туман!—деп, өрдөк жооп кайтарды.

—Б-а-к!—деп жиберди да, ошол замат арка жагын карады, анткени курдаштарынан бирөө укса, күздүн күнү чардайт деп, айыптуу кылар бекен деп коркуп кетти. Ушул азыр да сүйүнгөндүктөн эч болбосо бир эле „б-а-к“ деп койбоско баканын чарасы жок эле.

—Мени ала кеткиле.









—Сенин мунуң кызык!—деди таң калып өрдөктөр, —канатың жок болсо, сени кантип алып кетебиз?

—Качан учасыңар?—деп сурады бака.

— Азыр, азыр!— деп, өрдөктөрдүн баары чуулдашты.

— Кря, кря, кря! Бул жер суук экен! Түштүккө! Түштүккө!

—Беш минута ойлоноюн, мага уруксат бергиле. Мен азыр келем. Балким, мен жакшы бир акыл ойлоп келермин,—деди бака.

Башка нерселер акыл ойлогонго такыр жолтоо кылбасын деп чыгып отурган чырпыктын үстүнөн сууга чулп этип секирип түштү да, балырдын арасына кирип кетти. Беш минута өттү. Өрдөктөр учуп кете турган болуп калышты. Ошо заматта суунун ичиндеги бака отурган чырпыктын жанынан анын тумшугу көрүндү. Анын тумшугу баканын сүйүнүчүн билдирүүгө шыктуу экендигин көрсөтүп турду.

—Мен ойлодум. Мен таптым!—деди бака, —силердин ичиңерден экөөңөр чыбык тиштеп







алгыла, мен ортосуна илинип алайын. Силер учасыңар, мен кете берем. Бир гана шарт: силер каркылдабайсыңар да, мен бакылдабаймын, анда ишибиз өз жайында болот.

Бака жеңил болсо да, үн-сөз жок, аны үч миң чакырым жерге көтөрүп учуп барыш алар үчүн оңой болбосо дагы, баканын тапкан акылы өрдөктөрдүн баарын шат кылып, аны алып кетүүгө бир ооздон макул болушту.

Ар бир эки саатта алмашып турушмай болушту, себеби өрдөктөр, табышмакта айткандай: ошончо, дагы бир ошондой, дагы анын жарымындай жана дагы алардын төрттөн бир бөлүгү кошулгандай дегенчелик көп эле. Ал эми бака болсо бирөө гана. Андыктан аны көтөрүп учуш кезеги тез эле келе койбосу белгилүү.

Мыкты, бышык чырпык табышып, эки өрдөк эки жагынан тиштеди, орто жеринен бака тиштеп бардык өрдөктөр абага дуу көтөрүлүштү. Өтө бийиктикке чыкканда баканын башы тегеренип деми кыстыкты. Анын үстүнө өр-



дөктөр тегиз учушпай, чыбык солкулдап турду. Байкуш бака абага чыкканда кагаз куурчактай калдандап бара жатты. Үзүлүп кетип, жерге барып былч эте түшпөйүн деп жанынын бардыгынча тиштенди. Анткени менен бара-бара азыркы өзүнүн ал-абалына үйрөнө баштады, кала берсе, асты-үстүн да кароочу болду. Анын алды жагынан талаа, чабынды, суулар, тоо-таштар зыркырап өтүп жатты. Бирок, булардын бардыгы бакага оңдуу көрүнө бербейт, анткени—асылып бара жаткандыктан аркасын жана азыраак гана төбө жагын көрөт, ошондой болсо да, анча-мынча көргөнсүйт, ага кубанып, баканын төбөсү көккө жетип бара жатты.

„Кандай сонунду ойлоп таптым ээ“—деп, өзүнчө ойлоп коёт.

Өрдөктөр болсо, алып бараткан эки өрдөктүн аркасынан учуп бара жатышып, баканы мактап кыйкырышат:

—„Биздин бака укмуш, өзү акылдуу, ал турсун, өрдөктөрдүн ичинен да мындайлар аз



чыгат". Бака мактаган өрдөктөргө ырахмат айтып жиберейин деп барып, араң токтоду. Эгер оозун ачса, көз жетпеген бийиктен кулап түшөөрү эсине түшүп, чыдайын деп, андан бетер жаагын карыштырып тиштенди.

Ошентип, ал күн бою салаңдап жүрүп отурду. Баканы алып бара жаткан өрдөктөр алмактан-салмак, кезек менен учуп бара жатып шып эткизип, чырпыкты илип кетип бара жатты. Мунун өзү эң жаман, корко турган учур эле. Бака бир канча ирет коркконунан „бак" деп жибере жаздады, бирок өз жаны үчүн чыдаш керек. Чыдамкайлык анда азыраак бар эле.

Кечинде өрдөктөрдүн баары бир сазга келип түнөштү. Эртеси күн чыгары менен өрдөктөр баканы алып, дагы жолго түшүштү. Бул жолу саякатчы бака, чар тарабын жакшы көрүү үчүн, жерде эмнелер болуп жатканын байкоо үчүн, чырпыктын үстүнө чыгып отурду. Эгиндери орулган талаанын, саргайыңкы тарткан токойдун, эгиндерин үймөк кылып таштаган айылдардын үстү менен өрдөктөр







учуп бара жатышты. Ошол жактан адамдын сүйлөгөн үндөрү, эгин бастырган таштардын дүпүлдөгөнү угулат. Адамдар учуп бара жаткан өрдөктөргө карап, анын арасындагы кызык окуяны байкашып, ошо жакты колдору менен көрсөтүшөт. Ошондо баканын жерге жакыныраак учкусу келди. Өзүн жердегилерге көргөзүп, алардын өзү тууралуу эмне деп айткандарын өлгүчө уккусу келди.

Кийинки дем алышта бака айтты:

—Мынчалык бийик учпай эле койсок кантет? Мындай бийиктиктен менин көзүм караңгылап, башым айланып кетип, жерге учуп түшөмбү деп корком. Мээримдүү өрдөктөр жапыс учалы деп, ага убада беришти. Кийинки күнү өтө жапыс учкандыктан жердегилердин үнү айкын угулуп турду:

—Карагыла, карагылачы, тетигини!—деп, айылдагы балдар чуркурашты. Өрдөктөр баканы алып бара жатышат!

Муну бака угуп, сүйүнгөндөн жүрөгү туйлап кетти.



—Тетигини карагылачы, тетигини!—деп, башка бир айылдын чоңдору чурулдашат, —укмуш, тим эле укмуш го.

„Муну мен ойлоп тапканымды билет бекен булар? Же өрдөктөрдүн тапканы дээр бекен?“—деп ойлоду бака.

—Карагылачы, тигини, карагылачы! —деп, үчүнчү айылдагылар кыйкырышат, —бул укмуш, бул амалды ким тапты экен?

Бул жерде чыдай албай, бардык кылдаттыкты унутту да, күчүнүн бардыгынча бакырып жиберди:

—Мен болчумун! Мен!

Ушуну айтып кыйкырары менен бака талпаңдап отуруп, жерди көздөй жөнөдү. Өрдөктөр катуу кыйкырып жиберишти. Өрдөктөрдүн бирөө байкуш саякатчыны кармап алам деп, үлгүрбөй калды. Бака төрт буту менен чимирилип отуруп бир заматта келип жерге кулады. Өрдөктөр абдан катуу учуп бара жаткандыктан, бака баягы кыйкырган жердеги катуу жолго түшпөй, бир кыйла ары ба-



рып, кыштактын четиндеги саздак көлгө барып былч этип кирип кетти, эгерде кыйкырган жерине түшсө, катуу жерге тийип, бутун тартпай, таш-талканы чыгып, өлүп кетмек эле. Бул бака үчүн чоң ырыс болду. Бир аздан кийин кайта суудан сүзүп чыгып, ошо замат алынын бардыгынча дагы кыйкырды.

—Ал мен болчумун, мен ойлоп чыгарганмын! Бирок анын тегерегинде эч ким болгон эмес. Кокустан чыккан шабырттан коркуп кеткен жергиликтүү бакалар сууга бекине калышты. Бир аздан кийин суудан чыгышып, жаңыдан пайда болуп калган бейтааныш бакага таң калып калышты.

Анан биздин саякатчы бака аларга өзүнүн өмүр бою ойлоп жүрүп, акыр аягында өрдөктөр менен саякат кыла турган дүйнөдө жок бир амалды тапкандыгын, кайда кааласа, ошол жакка алып барчу өзүнүн өрдөктөрүнүн бар экендигин, жердин сонуну түштүккө баргандыгын, андагы курт-кумурскалардын молдугун жана жылуу эң сонун саздын бар экен-





диги жөнүндө укмуштуу тарыхты айтып берди.

—Мен мында силердин турмушуңар кандай экен, ошону билейин деп гана түшүп калдым. Мен мында жазга чейин турам, жазында менин коё берген өрдөкторүм келишет, —деди бака.

Бирок өрдөктөр эч качан келбеди. Өрдөктөр, бака жерге тийип былчыранып өлдү —дешип абдан аяп жүрүштү.





84. Р1—44
Г 20



*Бөбөктөр үчүн*

Сүрөтчүсү *А. Малиновский*

**Гаршин Всеволод Михайлович**
Г 20 Саякатчы бака: Жомок. [Бөбөктөр үчүн] /Котор. Н. Макешов; / [Сүрөтчүсү А. Малиновский.— Кайра басылышы.— Ф.: Мектеп, 1985.—24 бет.

Бул жомокто баканын кызыктуу саякаты, анын көргөндөрү жөнүндө көркөм баяндалат.

4803010101—231
——————————137—86
452 (17)—85

ББК 84 Р1—44

© «Мектеп» басмасы, 1976

